УДК: 821:801.73

**Кыдыр Төрали Едилбайулы**
Казакстан Республикасынын Илим жана жогорку билим берүү министрлигинин илим комитетине караштуу М.Ауэзов атындагы Адабият жана искусство институту, Алматы шаары, Казакстан Республикасы, филология илимдеринин кандидаты, жетектөөчү илимий кызматкер

**XIV-XVI КЫЛЫМДАРДА ТҮРК АДАБИЙ ТИЛИНДЕ ЖАЗЫЛГАН АРБАИН ЖАНРЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

**Кыдыр Торали Едилбайулы,**
Институт литературы и искусства им. М.Ауэзова при Комитете науки Министерства науки и высшего образования Республики Казахстан, г.Алматы, Республикак Казахстан, кандидат филологических наук, ведущий научный сотрудник

**ОСОБЕННОСТИ ЖАНРА АРБАИН, НАПИСАННОГО НА ТЮРКСКОМ ЛИТЕРАТУРНОМ ЯЗЫКЕ В XIV-XVI ВЕКАХ**

**Kydyr Torali,**
M. Auezov Institute of Literature and Art of the Committee of Science of the Ministry of Science and Higher Education of the Republic of Kazakhstan, Almaty, Republic of Kazakhstan, candidate of philological sciences, leading researcher

**FEATURES OF THE ARBAIN GENRE, WRITTEN IN THE TURKIC LITERARY LANGUAGE IN THE XIV-XVI CENTURIES**

**Аннотация.** Динди көркөм сөз менен жайылтуу өзгөчө мүнөзгө ээ. Ислам негиздери менен ишеним шарттары адабий чыгарма катарында каралганда гана чыныгы руханиятка айланат. Ушул маселеге көңүл бурган акындар адабият аркылуу Куран аяттарын, пайгамбарыбыздын хадистерин даңазалоону көздөшкөн. Ошондуктан ислам цивилизациясынын алкагында чыгарма жазган араб, перс, түрк акындары Мухаммед пайгамбардын хадистерин көркөм сөз менен жеткирип турушкан. "Менин хадистеримден кырк хадисти мусулмандарга жеткирген адам бейишке ээ болот" деген пайгамбарыбыздын хадисин бекем карманган акындар Алланын Элчисинин осуяттарын кийинки муунга жеткирүүгө аракет кылышкан. Натыйжада орто кылымдарда кеңири тараган арбаин жанры пайда болгон. Араб, перс жазуучуларын айтпаганда да, Имам ад-Дин Насими, Мухаммад Физули, Хазини, Алишер Навои сыяктуу түрк дүйнөсүнүн акындары пайгамбарыбыздын тандалган кырк хадисин ыр түрүндө жайлтышкан. Алтын Ордо бийлигинде жашаган Махмут Кердери проза түрүндө кырк хадис жазган. Кердери бул эмгегинде хадистердин ички мазмунун ачууга аракет кылган. Орто кылымдарда пайда болгон бул салт 20-кылымдын башына чейин уланат. Ббул макалада XIV-XVI кылымдарда түрк адабий тилинде жазылган арбаин жанрынын өзгөчөлүктөрү талданат.
**Негизги сөздөр:** орто кылым, ислам адабияты, диний-дидактикалык, хадис, жанр, арбаин, поэзия, салттын уланышы

**Аннотация.** Особое место занимает передача религии через художественную литературу. Основы ислама и условия веры перерастают в истинную духовность только тогда, когда они продвигаются как литературные произведения. Поэты, обратившие внимание на эту сторону, хотели воспевать стихи Корана и хадисы Пророка через литературу. Поэтому арабские, персидские и тюркские поэты, написавшие произведения в рамках исламской цивилизации, хотели передать хадисы Пророка Мухаммеда художественным словом. Поэты, твердо

придерживавшиеся хадиса Пророка: «Кто передаст мусульманам сорок хадисов из моих хадисов, обретет рай», пытались донести до следующего поколения заповеди Посланника Аллаха. В результате возник жанр арбаин, широко распространенный в средние века. Не говоря уже об арабских, персидских писателях, поэты тюркского мира, такие как Имам ад-Дин Насими, Мухаммад Физули, Хазини и Алишер Навои, в стихах передали сорок избранных хадисов Пророка. Махмут Кердери, живший в Золотой Орде, написал сорок хадисов в прозе. В этом произведении Кердери попытался раскрыть внутреннее содержание хадисов. Эта традиция, появившаяся в средние века, продолжалась до начала XX века. В данной статье анализируются особенности жанра арбаин, написанного на тюркском литературном языке в XIV-XVI веках.

**Ключевые слова:** средневековье, исламская литература, религиозно-дидактическая, хадис, жанр, арбейн, поэзия, продолжение традиций

**Abstract.** A special place is occupied by the transmission of religion through fiction. The foundations of Islam and the conditions of faith develop into true spirituality only when they are promoted as literary works. The poets who drew attention to this side wanted to glorify the verses of the Quran and the hadith of the Prophet through literature. Therefore, Arab, Persian and Turkic poets who wrote works within the framework of Islamic civilization wanted to convey the hadith of the Prophet Muhammad with an artistic word. The poets, who firmly adhered to the hadith of the Prophet: "Whoever gives Muslims forty hadiths from my hadiths will find paradise," tried to convey the commandments of the Messenger of Allah to the next generation. As a result, the arbain genre emerged, which was widespread in the Middle Ages. Not to mention Arab and Persian writers, poets of the Turkic world, such as Imam al-Din Nasimi, Muhammad Fuzuli, Khazini and Alisher Navoi, conveyed forty selected hadiths of the Prophet in verse. Mahmut Kerderi, who lived in the Golden Horde, wrote forty hadiths in prose. In this work, Kerderi tried to reveal the inner content of the hadith. This tradition, which appeared in the Middle Ages, continued until the beginning of the twentieth century. This article analyzes the features of the arbain genre, written in the Turkic literary language in the XIV-XVI centuries.

**Key words:** Middle Ages, Islamic literature, religious and didactic, hadith, genre, arbein, poetry, continuation of traditions.

Ислам дүйнөсүндө арбаин үлгүсүндө араб тилинде алгач эмгек жазгандардын бири — Мухи ад-Дин Абу Закария Яхия ибн Шараф ан-Навави (1233-1278). Ал «Аль-арбаин ан-Навави», б.а. «Нававинин кырк хадиси жыйнагы» аттуу эмгегинде исламдын негиздери тууралуу пайгамбарыбыздын кырк хадисин топтоп берген.

Навави эмгектин киришүүсүндө Абдолла ибн аль-Мүбарак, Мухаммед бин Аслам ат-Туси, аль-Хасан бин Суфйан ан-Насаи, Абу Бакир аль-Ажурри, Абу Бакир Мухаммед бин Ибрахим аль-Исфхани, ад-Даракутни, аль-Хаким, Абу Нугаим, Абу Абд ар-Рахман ас-Сулами, Абу Сагид аль-Малини, Абу Оспан ас-Сабуни, Абдолла бин Мухаммед аль-Ансари, Абу Бакир аль-Байхаки сыяктуу хадис таануучулар да арбаин үлгүсүндө эмгек жазганын баяндаган [1, 3-б.].

Ошону менен жогоруда аты аталган окумуштуулардын кээ бири – дин негиздерин, кээ бири – Алла жолундагы согуш (жихад), дагы бири – диндарлык, дагы бири – адеп, бири – хутбага байланыштуу кырк хадисти бир тартипке келтирип жазыш чыккандарына токтолот [1, 4-б.].

Имам Нававидеги алгачкы хадис ниетке арналган. Анда автор бул хадисти келтирет: «*Момундардын амири Абу Хафс Омар ибн аль-Хаттаб (Алла ага ыраазы болсун): «Алланын элчиси (с.а.с.): «Чын маанисинде, амалдар тек гана ниетке байланыштуу жана ар бир кишиге ниет кылганына тиешелүү. Ошондуктан кимде-ким Алла менен анын элчисине карай конуш алмаштырса, анда Алла жана анын элчиси үчүн конуш алмаштырган (болуп саналат), ал эми кимде-ким мал-дүнүйө табуу же бир аялга үйлөнүү үчүн конуш алмаштырса, ал ошол нерсесине конуш алмаштырган (болуп саналат)», – дегенин уктум», – деген*» [2, 8-б.].

Имам Навави бул хадисти кимден алганын да белгилейт: «*Бул хадисти хадис илими боюнча аалымдардын алдыңкысы Абу*

*Абдуллах Мухаммед ибн Исмаил ибн Ибрахим ибн Мугира ибн Бардизбах аль-Бухари жана Абул Хусейн Муслим ибн аль-Хажжаж ибн Мүслим аль-Қушайри ан-Найсабуринин хадис китептеринин эң ишенимдүүлөрү катары саналган «Сахихтарында» келтирген»*[2, 8-б.], Негизинен, Имам Бухари менен Имам Мүслимдин эмгектеринен алганын баяндаган. Наваидин ишенимдүү нускалардан эң тандалмалуу хадистерин гана алганы белгилүү.

Перс тилдүү элдер да арбаин жанрынын өнүгүшүнө өз салымдарын кошту. Ахмет Нишапури, Аслам Туси, Муайийад Кураши, Хаким Нишапури, Абу Убайда Хирауи, Абу Абд ар-Рахман Сулами, Абу Хамид Газали, Абу Нагим Исфахани, Абу аль-Хасан Фарси, Абу Аббас Журжани, Абу аль-Футух Хамадани, Абу Омар Тебризи, Шихаб ад-Дин Сухрауарди, Фахр ад-Дин Рази, Абд ас-Самад Тебризи, Шамс ад-Дин Амули, Абу Тахира Хожанди, Жалал ад-Дин Дауани сыяктуу аалымдар арбаин үлгүсүндөгү чыгармаларын араб тилинде жазышкан.

Ал эми Кожа Абдолла Ансари, Абу Хафс Насафи, Ибрахим ибн Хасан Рабити, Мухаммед ибн Хусейн ибн Ахмет Халифа Нишапури, Шейх Алу ад-Даула Симнани, Саж ад-Дин Тафтазани, Мир Саид Али Хамадани, Хусайн Уаиз Кашифи, Нур ад-Дин Абд ар-Рахман Жами сыяктуу каламгерлер перс тилинде жазышкан эмес. Алардын кээ бири пайгамбардын кырк хадисин проза үлгүсү менен жазса, экинчи бири поэзия формасында жазышкан [3, 4-б.].

Диний адабиятты изилдеген А.Гузел араб тилинде 250, перс тилинде 50дөн ашык жазылган чыгармалар менен эмгектер кырк хадис, башкача айтканда, арбаин үлгүсүндө жарыкка чыкканына көңүл бурган [4, 565-б.].

Ф.А.Камолов «Арбаинат» үлгүсүндө жазылган чыгармаларды тематикасына карай философиялык, суфийлик адабият деп үчкө бөлүп кароого болорун айтат [3, 5-б.].

Ал философиялык арбаиндин мисалы катарында Ибн Арабидиндин эмгегин, ал эми суфийлик арбаин катарында Ахмет ибн Мухаммед ибн Ахметтин (1022-ж. дүйнөдөн өткөн) кырк суфийдин өмүр баянына байланыштуу жазылган эмгегин, а эми адабий арбаин деп макама үлгүсүндө жазылган чыгармаларды атоо керектигин белгилеген [3, 7-б.].

Ф.А.Камоловдун мында «арбаинат», тактап айтканда, «кырктар» деп, пайгамбар хадистерин гана эмес, ошону менен бирге, кырк тема кандай бөлүмдөрдөн турган чыгармаларды да жалпылап алганын байкоого болот. Орто кылымда кырк бөлүмдөн же баптан турган чыгармалар көп кездешет. Мисал катарында, Алтын Ордо мезгилинде (XIII-XV кк.) жазылган анонимдик «Сираж аль-кулуб» («Жүрөктөр чырагы») аттуу чыгармада кырк суроо-жооп берилгенин карасак болот. Ошентсе да, бул чыгармада пайгамбардын хадистери тууралуу эмес, диний көз караш менен таанымга байланыштуу маселелер көтөрүлгөн. Ошондуктан биз бул чыгарманы арбаин, башкача айтканда, кырк хадис жанрынын чегинде карай алабыз.

**Арбаин жанрына** Мухаммед пайгамбардын кырк хадиси кара сөз менен (түшүнүк берилген, талданган) же ыр трүндө жазылган чыгармалар гана киререрин баса белгилейбиз.

Мухаддистердин (хадис таануучу аалымдардын) эмгектери, негизинен, диний-канондук мазмунда жазылган. Башкача айтканда, алар пайгамбардын хадистерин өзгөртпөстөн, кошумчалабастан ошол калыбында жеткирүү максатын көздөшкөн. Ошондуктан хадисти жеткизүүчүнүн аты-жөнү толук берилген. Ал аркылуу пайгамбардын үлгүлүү сөздөрүн кийинки урпакка өзгөрүүсүз жеткирүү максатын көздөгөн.

Динди чыныгы канондук тексттер (Куран, хадис) аркылуу жайылтуу менен бирге аны көркөм чыгарма катарында жайылтуу жолу да бар. Алсак, Орто кылымдагы акындар исламды көркөм сөз менен жайылтууга күчаракеттерин жумшашакан.

Башка диний-адабий жанрларды жаратуучулар Абд ар-Рахман Жами, Алишер Навои, Мухаммед Физули сыяктуу акындар пайгамбардын кырк хадисин ыр менен жазып жайылткан. Алар Алланын элчисинин ыйман, ихсан маселелерине байланыштуу айткан сөздөрүн *кыта, рубаи* сыяктуу ыр формалары аркылуу берүүгө аракет кылышкан.

Пайгамбардын кырк осуятын перс тилинде ыр түрүндө жазган акындардын бири – Абд ар-Рахман Жами (1414-1492 жж.). Анын «Чехел хадис», башкача айтканда, «Кырк хадис» деп аталган поэтикалык чыгармасында пайгамбардын осуяттары кыта ыр түзүлүшү менен берилген. Бул чыгарма

эл арасына «Арбаин», «Арбаина хадис», «Таржума-е арбаин», «Таржума-е чехел хадис», «Хадис-е шариф» деген аттар менен тараган. Ал бул чыгармасын арабча билбеген элдерге түшүнүү үчүн персче жазганын айтат.

Пайгамбардын «Палван – кара күч эмес, тескерисинче, өз напсисин учурунда тыя билген адам» («*Лайса аш-шадиду бисир'ати иннама аш-шадид уа аль-лазина йамлику нафсаһу инд ад-газаби*»), – деген хадисин Жами мындай берген:

Палван эмес ал – кара күч ээси,
Палвандык башкча өлчөндү.
Палван ачууланган кезинде
Өз напсисин тыя билет [5, 13-б.].

Пайгамбардын бул хадисин Алишер Навои мындай баяндайт:

Эмес ал палван өз кадырын,
Башынын үстүнө алып жүрөр.
Палван, муну бил, ачууланса,
Өз напсисин тыя билер [6, 6-б.].

Устазы Абд ар-Рахман Жаминин үлгүсү менен чыгарма жараткан Алишер Навои да пайгамбардын кырк хадисин ыр менен берүүнү көздөгөн.

Ал ошол чыгарманын «Ыр саптарынын жазылыш себеби» («*Сабаб-е талиф-е манзум*») деген бөлүмүндө персче арбаин үлгүсүндө чыгармалардын жазылганын, эми түрк адабий тилинде жазылыш керектигине токтолгон:

Перс тилдүүлөр маанисине жетип,
Бул бакыттан түрктөр кур жалак эле.
Кааладым, бул эл (түрк) да
Бул бакыттан бош калбасын деп [6, 3-б.].

Пайгамбардын хадистерин өз тилинде сүйлөтүүнү каалаган Навои Алланын элчисинин «Адам баласы картайганы менен эки нерсеси ошол калыбында кала берет: ач көздүк менен чексиз арман» («*Йашибу ибну адама уа ташуббу фиһи хислатани аль-хирсу уа тул аль-амали*»), – деген хадисин мындайча баяндалган:

Адамзатка канчалык жакшы болсо да
Картайган сайын бардык иште адал.
Эки пейил, бирок, жигиттей болор:
Бири – ач көздүк, бири – чексиз арман [6, 2-б.].

Бул хадисти Абд ар-Рахман Жами:

Адамзаттын карттыгы арткан сайын
Качан да адал өмүрүндө калат.
Бирок эки сыпат жаш бойдон калат:
Дүнүйөгө ач көздүк менен чексиз арман [5, 11-б.].

Алишер Навои пайгамбардын хадистеринин ичинен жан дүйнөнүн тазалыгына абдан чоң маани берген. Ошондуктан акындын бул чыгармасында намаз, орозо, ажылык сыяктуу шарият шарттарына караганда, ички напсинин руханий өнүгүшүнө, өсүшүнө өзгөчө көңүл бурулган. Навои дагы бир ыр саптарында пайгамбардын «Мусулман дегенибиз – башка мусулмандарга тили жана колу менен зыян тийгизбеген жан» («*Аль-муслиму ман салим ал-муслимуна мин ядиһи ва лисониһи*»), – деген осуятын төрт сап менен берген:

Кимде-ким мусулманмын десе,
Чыныгы эмес, эгер, курман кылса да жанын.
Мусулман – зыян чекпесе
Тили менен колунан мусулмандар [6, 2-б.].

Абд ар-Рахман Жами, Алишер Навои, Мухаммед Физули сыяктуу акындар пайгамбардын осуяттарын төрт сап менен берсе, XVI кылымда өмүр сүргөн түрк акыны Хазини хадистерди маснави (кош сап) формасы менен берүүгө аракет кылган. Ал араб тилинде жазылган арбаинди түрк адабий тилине сүйлөтүүгө аракет кылып, хадистин мазмунун түшүндүрүү үчүн бир нече хикаяларды катары менен колдонгон.

Маснави ыр формасы менен жазылган хикаяларга көп орун берилгендиктен Хазининин «Хадис арбаини» көлөмдүү болуп чыккан.

Алланын элчисинин «Айланадагыларга мээримдүү болгула, Алла ошондо мээримдүүлүктү таанытат», – деген осуятын мындайча баяндаган:

«Хадис арбаиндин» биринчиси мындай,
Чын көңүл менен кулак сал, эй, ишенүүчүлөр!
Равилер (хадисти жеткизүүчүлөр) мындай баяндайт,
Өз жолу менен бизге мындай деди.
Кулак тут, эй, уюп тыңдоочу,
Бул сөздү жеткизди Ибн Омар.
Ук Абдолла муну мындай жеткизди,
Аалам мактанычынан риваят кылды:
Айтты: Жаратылышта кимде-ким мээримдүүлүк таанытса,

Адил Кудайдын өзү мага мээримдүүлүк таанытты.

Кулдарга мээрим менен караган жандарга
Алланын элчиси чексиз мээримдүү болот.
Кимде-ким алсызга мээримдүү болбосо,
Ал Кудайдан мээримдүүлүктү кандай каалайт?
Мээримдүү болуңуз жер жүзүндөгүлөргө,
Ошондо сизге мээрим көктөн келген болот [7, 148-б.].

Пайгамбардын осуятын ыр менен жазган Хазини бул хадисти тереңирээк түшүндүрүү үчүн эки хикаяны кошо берет.

Биринчи хикаяда Хазирет Омардын Медина шаарында бир жардыга кол сунганын баяндаса, экинчи хикаяда Бани-исраил уруусунан бир адамдын жоомарттыгы тууралуу сөз козгогон.Ошону менен бирге кырк хадистин мазмунун сексен хикая (хикая, хикая ухра) аркылуу түшүндүрүп берген. Алланын элчисинин кырк осуятын ыр менен жазган акын бул чыгармасында диний хикаяларды жакшы пайдаланганы көрүнүп турат.

XVI кылымда жашап өткөн түрк акыны Хазини өзүнө чейин салттуу уланып келе жатканарбаинжанрынанданарыөнүктүргөн. Жами, Навои, Физулинин чыгармаларында пайгамбардын хадисинин мазмуну төрт сап менен (кыта ыр формасы) гана берилсе, Хазини хадистердин маанисинин ачууда төрт сап менен гана чектелбестен, эгиз сап (маснави) формасы д колдонулган.

Ошондуктан кээ бир хадистердин мааниси он алты сап менен берилсе, кээ бири отуз саптан ашкан. Ал эми хадистердин мазмунун талдоого арналган кээ бир хикаялардын көлөмү жүз сапка жеткенин байкоого болот. Тактап айтканда, Хазини Мухаммед пайгамбардын осуятын болушунча таратып берүүгө аракет кылган.

Жогоруда белгиленгендей, кырк хадис үлгүсү менен жазылган башка эмгектерде, негизинен, пайгамбардын осуяттары гана берилген. Кийинки ошол жыйнактарга аалымдар түшүндүрмөлөрдү (шарх) киргизишкен. Мисалы, Имам Нававинин «Арбаин» эмгегинде пайгамбардын осуяттары белгилүү бир теманын чегинде топтоштурулбастан, тек гана, Имам Бухари менен Имам Мүслимдин ишенимдүү хадистеринен кырк хадис тандалып алынган [1].

Кийин Мустафа аль-Буга менен Мухиддин Мисту сыяктуу окумуштуулар ошол кырк хадиске түшүндүрмө жазган [2].

Ал эми Жами, Навои сыяктуу акындар кырк хадисти төрт сап менен берет. Ал эми Хазининин кырк хадистин маанисин ыр түрүндө берүү менен бирге, мазмунун да диний хикаялар аркылуу ачып берүүгө аракет кылган.

Абд ар-Рахман Жами, Алишер Навои, Мухаммед Физули сыяктуу Хакты махабат менен таануу жолунда жүргөн акындар хадистерди берүүдө Алланын элчисинин адепке, көркөм мүнөзгө байланыштуу осуяттарына өзгөчө көңүл бурганын байкоого болот. Башкача айтканда, алар ислам, иман маселелерине эмес, тактап айтканда, исламдын мыйзамдары, ыйман негиздери менен шарият шарттарына эмес, ихсанга, руханийликке жана анын тазалыгына өзгөчө маани берген. Алар өз чыгармалары аркылуу «Инсан-е камил», башкача айтканда, «Кемел адам» концепциясын ачып берүүгө тырышкан деп айтууга болот.

Арбаин жанрында жазгандардын бири – Алтын Ордо мезгилинде өмүр сүргөн Махмут бин Гали аль-Булгари ас-Сараи аль-Кердери (?-1360 ж.) болгон. Анын «Нахж аль-фарадис» («Бейиштиктердин ачык жолу») чыгармасында пайгамбардын кырк осуятынын түпнускасын берип, (башкача айтканда, арабча), андан кийин которуп, андан кийин аалым-окумуштуулардын ошол хадиске байланыштуу айткан ойлорун, диний ишмердин өмүрлөрүнөн кызыктуу хикаяларды келтирүү менен Кердеринин арбаин жанрын андан ары өнүктүргөнүн белгилейт.

Өзүнө чейин аталган формада жазган мухаддистер (хадис таануучу аалымдар) пайгамбардын кырк осуятын берүү менен гана чектелсе, Махмут Кердери Алланын элчисинин осуяттарын окурманга толук түшүнүктүү берүү үчүн түшүндүрмөсүн (шархын) кошо берет.

Бул чыгарманы жазууга эмне себеп болгонун автор: «*Омар уулу Абдулла (Алла ага ыраазы болсун) пайгамбардан (Алланын ага аруулугу менен саламы болсун) риваят кылат: Бир мусулман же муаххид менин хадистеримден кырк хадисти укпагандарга жеткизсе, билбегендерге үйрөтсө, Хак Таала*

*аны аалымдарды катарына киргизет жана кыямат күнү (жүрөктө бекиттик) шахиддер менен тургузат. Жана бирөө мен айтпаган хадисти менин айтпаганымды билип атайын менин атымдан жалган сүйлөп, пайгамбар (Алланын ага саламы болсун) айтты десе, азаптан орун дайындай берсин деди»*, – деп баяндаган [8, 9-б.].

Окурмандардын көңүлүндө пайгамбардын бул осуятына деген күдүк-күмөн калбоо үчүн автор равинин (хадисти жеткизүүчүнүн) аты-жөнүн ачык жазган эмгек түрк адабий тилинде жазылганына карабастан, хадистин арабча нускасын кошо берген. Ошондой эле Кердеринин хадис тармагынын билерманы экенин, чыгарманын диний чөйрөгө ыңгайлашып жазылганын байкоого болот.

Жогоруда айтылгандай, ар бир бөлүм Мухаммед пайгамбардын бир хадиси менен башталат. Автор бул бөлүмдө пайгамбар осуятынын акыйкаттыгын Анас ибн Малик, Хазирет Айша, Абдулла ибн Омар, Шейх Хасан Басри, Уахаб ибн Мунайя, Анас ибн Малик, Абди ибн Хатам, Али ибн Абу Талип, Абу Хурайра, Абу Имамати Бахили, Шейх Сари Сакати, Шейх Дауит Тайи, Рабиг ибн Хисам, Абдолла ибн Аббас, Ибн Омар, Абу Сагид, Асама бин Зайд, Рабига Адауийа, Уахб ибн Мунаббих, Абу Сүлеймен Дарани, Атаба ибн Гулам, Яхия ибн Магаз Рази, Абу Хасан Нури, Абу Убайда, Шейх Зуннун Мысри, Башари Хафи, Суфиян Саури, Ибн Араби сыяктуу сахаба-табиндер менен олуялардын даанышман сөздөрү менен ошондой эле алардын жашоосуна байланыштуу кызыктуу хикаялары менен жеткирүүгө аракет кылышкан.

Бир бөлүм бир темага гана арналгандыктан автордун ойу тыянактуу, толук берилет. Ахлак, таалим-тарбия сыяктуу адамдык асыл касиеттерден турган бул эмгегин жазарда Махмут аль-Кердери ислам аалымына таанымал болгон Имам Мухаммед Бухари, Имам Абу Иса Термизи, Абу Жүсүп аль-Кази, Имам Мухаммед Башрауи, Имам Газали, Имам Шагбан ибн Махди, Имам Абу Лайс Самарканди, Имам Багауи, Имам Сагани сыяктуу ж.б. мухаддис, факих аалымдардын эмгектери менен таанышкан. Чыгарманын аягында ошол кол жазманы көчүргөн катип (көчүрүүчү) Махмут аль-Кердеринин чыгарманы жазарда кандай эмгектерди пайдаланганын да атап өтөт: «*Ошентсе да бул китептин автору мындай дейт: Андагы («Нахж аль-фарадистеги») комментарийдеги сөздөрдүн баарын Имам Жаруллахи Алламанин (Алланын ага мээрими болсун) «Кашшафнан» жана Имам Абу Магали Исфаханинин (Алланын ага мээрими болсун) «Тафсиринен» алган. Жана ар бир бөлүмдүн башында пайгамбардын (Алланын ага саламы болсун) хадиси алынган китептин аты берилет. Жана башка хадистер да ошол китептерден алынды. Ошондой эле уламалар менен машайыктардын сөздөрү, алар тууралуу хикаялардын баарын Шейх Имам Абу Талип Маккинин (Алланын ага мээрими болсун) «Кут аль-кулуб» деген китебинен жана Имам Зайнул Аиммати Фердаусинин (Алланын ага мээрими болсун) «Мужтала» деген китебинен алынды. Жана «Мужталанын» шархынан да алынды. Жана Имам Уакинин (Алланын ага мээрими болсун) «Магази» деген китебинен алынды. Ошондой эле Имам Мухаммед Катибдин (Алланын ага мээрими болсун) «Магази» деген китебинен да алынды*» [8, 460-б.].

Бул эмгектердин кол жазмасын көчүрүүчүнүн (тилекке каршы, анын аты-жөнү белгисиз) баарынан кабардар болгонун байкоого болот. Ошондой эле анын: «*Бул китеп тарыхый жети жүз алтымыш бирде, Алланын касиеттүү айы – Жумад аль-ула айынын алтынчы күнү кечки убактысында аяктаган. Жана бул китептин автору жекшемби күнү убактылуу дүнүйүдөн түбөлүк дүнүйөгө аттанды*», – деген сөзүнөн улам чыгарманын автору менен жакшы тааныш болгонун байкоого болот [8, 341-б.].

«Нахж аль-фарадистин» композициялык түзүлүшү негизинен чоң төрт баптан турат. Ар бир бапта он бөлүм бар жана ар бир бапта белгилүү бир тема баяндалат. Ички бөлүмдөрдө ошол теманын мазмуну ачылат. Бул тууралуу Махмут аль-Кердери: «*Бул хадиске таянып, пайгамбар (Алланын ага саламы болсун) хадистеринин ишенимдүү китептеринен кырк хадисти топтоштурдук. Жана ошол хадистерге ылайыктуу хикаяларды пайгамбарга (Алланын ага саламы болсун), дагы Хулафаи рашидин жагдайынан, улама жана машайыктарга байланыштырып, бул китепти төрт бапка бөлдүк. Жана ар бир бапты он бөлүмгө бөлдүк*

*жана ар бир бөлүмдүн башына бирден хадис бердик. (Ошентип) пайгамбардын (Алланын ага саламы болсун) хадистери жалпы кырк хадис болот. Биринчи бабы – пайгамбардын (Алланын ага саламы болсун) касиеттери тууралуу болот; Экинчи бабы – Хулафаи рашидиндин, ахли байт жана төрт имамдын өзгөчөлүктөрү тууралуу болот; Үчүнчү бабы – Хак Тааланын кудуретине жакындаткан жакшы амалдар тууралуу болот; Төртүнчү бабы – Хақ Тааланын кудуретинен алыстаткан жаман амалдар тууралуу болот»*, – деп [8, 9-б.], чыгарманын башкы мазмуну менен тааныштырат.

Арбаинжанрындажазылганэмгектердин белгилүү бир темага же маселеге арналып жазылганы (дин негиздери, Алла жолунда согуш, диндарлык, адеп, хутба жана ж.б.) белгилүү.

Кердери өзүнө чейинки эмгектер менен жакшы таанышып, өзүнүн чыгармасын пайгамбардын, адилеттүү төрт халиф жана төрт имамдын өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле, кырк парздын бири болган – «амир магруф, нахи ан-мункарга», башкача айтканда, элди жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарууга арнаган. Алгачкы эки бапта жакшылардын үлгүлүү өмүрү тууралуу сөз болсо, акыркы эки баптын үгүт-насыят жагына басым жасалат.

Жыйынтыктап айтканда, Мухаммад пайгамбардын хадистерин көркөм сөз менен жайылтуу аркылуу арбаин жанры пайда болду. Алгачкы мезгилдерде араб, перс адабиятында өзгөчө орунду ээлеп, акыркы мезгилдерде түрк элдеринин жазма адабиятында жакшы орун ала баштады.

XIV-XVI кылымдарда жашаган түрк акындарынын кээ бирлери ошол жанрда чыгарма жазышкан. Навои, Физули, Хазини сыяктуу акындар пайгамбар хадистерин кыта, рубаи, маснави сыяктуу ыр формалары менен берсе, Махмут Кердери сыяктуу каламгерлер проза түрүндө жайылткан.

Түрк жазуучулары пайгамбар хадистерин жайылтууда түрдүү формаларды колдонсо да баарынын максаты– динди көркөм сөз менен үгүттөө.

Динди адабият аркылуу жайылтуу салты XIX кылымдын аягы XX кылымдын башына чейин уланат. Бул мезгилдерде жарык көргөн литографиялардын басымдуу бөлүгү диний-таанымдык, диний-дидактикалык чыгармалар түзөт. Алардын катарында «Миң хадис», «Кырк хадис» сыяктуу китептер көп кездешет. Пайгамбардын даанышман сөздөрүн адабият аркылуу жайылтуунун өзгөчөлүгү да ошондо.

**Адабияттар:**


1. Аль-Арбагин. Лил-имам аль-мухаддис аль-ариф биллаһ Мухи ад-Дин Аби Закарийа бин Шараф ад-Дин ан-Науауи рахимаһуллаһ. Казань: Типографія Т.Д. «Бр. Каримовы», 1914. – 34 с.
2. Мустафа аль-Буга, Мухиддин Мисту. Аль-Уафи. Имам ан-Навави таңдаган кырк хадис шархы. Арабшадан аударган: Қ.Спатай. Алматы: «Каусар-саяхат» ЖШС, 2013. – 392 б.
3. Камолов Ф.А. Чихил хадис Абдуррахмана Джами и традиция напсиания сорока хадисов в персидско-таджикской литература (до XIV века). Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата филологических наук. Худжанд, 2012.
4. Гузел А. Дини-тасавуфи түрк едебийаты. Анкара:Акчаг басым, 1999. – 680с.
5. Жоми Абдуррахмон. Арбаини Жоми. Бо тахрир-е Козим Мудиршоначи. - Машһад: Остони Кудси Разави, 1363. – 480 с.
6. Алишер Навоий. Арбаъин. Матнни нашрга тайёрловчи С.Ганиева. Тошкент: Фан, 2000. – 110 б.
7. Nağısoylu. Hazininin «Hadisi – arbain» tarcümasi. Bakı: Nurlan, 2008. – 432 s.
8. Махмут аль-Кердери. Жумақтардын ашык жолы. (Құрастырган: Т.Кыдыр). Адеби жадигерлер сериясы. 10-том. Алматы: Таймас баспа үйи, 2010. – 480 б.